DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

## *ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ*
## *ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ*
## *PHILOSOPHICAL SCIENCES*

*Акматалиев А.Т.*

# ААЛАМДАШУУНУН АЛКАГЫНДАГЫ РУХАНИЙЛИКТИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Акматалиев А.Т.*

# ОСОБЕННОСТИ ДУХОВНОСТИ В КОНТЕКСТЕ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

*A. Akmataliev*

# FEATURES OF SPIRITUALITY IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

*УДК: 930.1 (575.2) (04)*

*Аталган макалада ааламдашуу шартындагы руханийликтин өнүгүү маселелери жана глобалдык маданияттын таасири алдындагы анын трансформациясы каралат, андан тышкары анда айтылгандай, руханийлик туруктуу улуттук руханий аң-сезимге негизделет. Анын туруктуулугу улуттук тарыхый маданият, кылымдык салттар жана адамдардын тарыхый жактан акталган, руханий-адеп-ахлактык карым-катнаштары менен байланышкан. Руханий аң-сезим – аңдалган, ошондуктан ал туруктуу аң-сезим. Ал руханий өздүк аң-сезимди жүзөгө ашырып, этномакам менен жекеликти сактоо кызматын аткарат. Руханий өздүк аң-сезимдин аталган эталондору шайкештике жана глобалдык маданияттын терс таасиринен болгон коргонуга болгон жөндөмдүүлүктү калыптандырат. Руханий шайкектик маданияттар аралык карым-катнаштардын жана алардын диалогунун жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат. Демек, руханий аң-сезим менен жүзөгө ашырылган шайкештик башка улуттук маданияттар менен баалуулуктарды четке какпайт, тескерисинче башка маданиятка болгон толеранттуулукту, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды бириктирүүнү билдирет.*

***Негизги сөздөр**: руханийлик, коом, көрүнүш, трансформация, баалуулук, ааламдашуу, маданият, руханий аң-сезим, цивилизация, фактор.*

*В данной статье рассматриваются проблемы развития духовности в условиях глобализации и ее трансформации под влиянием глобальной культуры, также в ней говорится о том, что духовность основывается на стабильном национальном духовном сознании. Его стабильность связана с национальной исторической культурой, с вековыми традициями и с исторически оправданными, духовнонравственными отношениями людей. Духовное сознание - осознанное, и поэтому стабильное сознание. Оно осуществляет духовную самооценку, служит сохранению этностатуса и индивидуальности. Данные эталоны духовного самосознания формируют способность к идентификации и самозащите от негативного влияния глобальной культуры. Духовная идентификация осуществляется путем межкультурных отношений и межкультурного диалога. Значит, идентификация, осуществляемая духовным сознанием, не отрицает другие национальные культуры и ценности, наоборот, предполагает толерантность к чужой культуре, аналогию себя с другими, соединение национальных и общечеловеческих ценностей.*

***Ключевые слова**: духовность, общество, явление, трансформация, ценность, глобализация, культура, духовное сознание, цивилизация, фактор.*

*This article deals with the problems of the development of spirituality in the context of globalization and its transformation under the influence of global culture, it also says that spirituality is based on a stable national spiritual consciousness. Its stability is connected with national historical culture, with centuries-old traditions and with historically justified, spiritual and moral relations of people. Spiritual consciousness is conscious and therefore stable consciousness. It carries out spiritual self-assessment, serves to preserve ethnostatus and individuality. These standards of spiritual self-awareness form the ability to identify and self-defense from the negative influence of global culture. Spiritual identification is carried out through intercultural relations and intercultural dialogue. This means that the identification carried out by the spiritual consciousness does not negate other national cultures and values, on the contrary, it implies tolerance for a foreign culture, an analogy of oneself with others, a combination of national and universal values.*

***Key words**: spirituality, society, phenomenon, transformation, value, globalization, culture, spiritual consciousness, civilization, factor.*

Коомдун табигый социалдык-экономикалык өнүгүүсү, анын интеграциясы, либералдашуусу жана модернизациясы болмоюнча мүмкүн эмес жана ал ааламдашуунун факторлору болуп саналат. Бул объективдүү көрүнүштөр, акыр аягында коомдун рухий турмушунун ааламдашуусуна жана улуттук-маданий баалуулуктардын, адам менен коомдун баалуулук багыттарынын трансформациясына алып келет. Ушунун бардыгы руханий өнүгүүгө жана адамдын руханий муктаждыктарына таасирин тийгизбей койбойт. Албетте, ааламдашуунун натыйжалары (он маанидеги аспектилери), мүмкүнчүлүктөрү жана кесепеттери (терс маанидеги аспектилери) коомдун руханий жашоосунун системасына да таасирин тийгизет. Эгерде аталган процесстин натыйжалары коомдун андан аркы өнүгүүсүнө жана демократиялашуусуна шарт түзсө, анда анын кесепеттери инсанды өзүнүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



улуттук өзөктөрү менен баалуулуктарынан оолактап кетүүсүнө алып келет. Адамдын ааламдашуу өзү менен алып жүрүүчү жаны руханийликти кабыл алууга болгон даярдык маселеси пайда болот.

Азыркы мезгилде «ааламдашуунун таасири алдында адам эмне кылышы керек» деген суроону берүү кеч болуп калды. Мындай өнүттө ааламдашуу шартында эмне кылыш керек, анын руханийлиги кандай факторлорго таянуусу керек. Кандай баалуулуктар руханий баалуулуктар системасынын негизинде болушу керек – деген суроо туура болот.

Базар карым-катнаштарынын калыптануу мезгилинде адам мобилдүү жана динамикалуу болууга туура келет. Ал бир эле мезгилде бул жерде жана бардык жерде болот, аны улуттук жана улут алдындагы курчап турат. Анын аң-сезими ар кыл маданияттар менен баалуулуктардын элементтери менен аспектилеринин синтезин билдирет. Коомдун алдында ядросу катары тарыхый салттар, менталитет, маданият, улуттун жашоо образы эсептелген ааламдашуунун чакырыктарына өз убагында жана адекваттуу жооп берген улуттук руханийликтин калыптануу маселеси турат. Ааламдашуунун шартындагы баалуулук тандоону жана багытты жүзөгө ашыруу менен улуттук руханийлик чыпкалоочунун (фильтр) ролун аткарып, глобалдык маданияттын таралуу чектерин орнотот.

Руханийлик туруктуу улуттук руханий аң-сезимге негизделет. Анын туруктуулугу улуттук тарыхый маданият, кылымдык салттар жана адамдардын тарыхый жактан акталган, руханий-адеп-ахлактык карым-катнаштары менен байланышкан. Руханий аң-сезим – аңдалган, ошондуктан ал туруктуу аң-сезим. Ал руханий өздүк аң-сезимди жүзөгө ашырып, этномакам менен жекеликти сактоо кызматын аткарат. Руханий өздүк аң-сезимдин аталган эталондору шайкештике жана глобалдык маданияттын терс таасиринен болгон коргонуга болгон жөндөмдүүлүктү калыптандырат. Руханий шайкектик маданияттар аралык карым-катнаштардын жана алардын диалогунун жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат. Демек, руханий аң-сезим менен жүзөгө ашырылган шайкештик башка улуттук маданияттар менен баалуулуктарды четке какпайт, тескерисинче башка маданиятка болгон толеранттуулукту, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды бириктирүүнү билдирет.

Мындай диалогдун процессинде улуттук руханийлик жандуу болуп калат: өзүн тааны билүү, баа берүү, кайра баа берүү жана башкалар менен салыштыруу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Мындай диалог өзүнүн маданиятынын консервативдик жана догматикалык элементтерине сындык баа берүүгө, дүйнөлүк маданияттын алдынкы маданияттарын өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт. Улуттук руханий аң-сезим өзүнүн баалуулук потенциалына таянуу менен башка маданият тарабынан коюлган суроолорго жооп берип, диалогду алып барат. Кеп башка «Менди» «Мен» катары түшүнүү, ага бизге бир нерсе айтуу жана аны угуу, угууга жана түшүнүүгө даяр болууга мүмкүнчүлүк берүү тууурасында болууда [1, 425-б.].

Улуттук руханий аң-сезимге башка маданияттардын таасиринен коргонууга болбойт, андай болбосо ал дүйнөлүк интеграцияга кошула албайт. Ал башка улуттардын алдынкы маданияты менен баалуулуктарынын таасири алдында алмашып, прогрессивдүү идеяларды кабыл алуусу жана толеранттуу болуусу керек. Мындай жол менен өнүгүү жөндөмдүүлүгүн сактоого жана алдынкы прогрессивдүү маданияттан, технологиялардан, б.а. ааламдашуу алып жүргөн бардык жакшы нерселерден артта калбоого болот. «Реалдуу коом өзүнүн жарандарынын толеранттуулугунун эсебинен кайра өндүрүлөт, бирок өнүгүү баары бир диалогду талап кылат. Башкача айтканда, толеранттуулук тынчтыкта жашоонун шартты, шарттын диалогу жана өнүгүүнүн талабы» [2, 27-б.].

Улуттук руханийлик бар жана ар кыл улуттук маданияттардын синтезинен турган жана түрдүүдөн турган жекелик катары кызмат кылган маданият менен цивилизациянын дүйнөлүк системасынын алкагында алмашып турат. Анын мисалы катары Борбордук Азиянын аймагындагы ислам маданиятынын таралуусу эсептелет. Ислам маданиятынын таралуусу глобалдык диний маданияттын таралуусунун мисалы болуп саналат. Глобалдык катары ислам маданияты ири региондорду камтып, көптөгөн элдердин руханий өнүгүүсүнө таасирин тийгизген. Эми этникалык шайкештик ислам маданияты менен синтездештирилген. Бирок, өз кезегинде ислам маданиятынын өзү жергиликтүү руханий маданияттын таасири алдында калган. Исламдын өзүнүн өзгөчөлүгүнө таасирин тийгизген диний-этникалык маданий катмар пайда болгон. Ал өзүнө жергиликтүү маданий потенциалды камтып, маданияттын квинтэссенциясы болуп өткөн. Ханафия мазхабы пайда болуп, ийкемдүүлүк, либерализм, толеранттуулук жана аталган мазхабдын ынгайлуулугу анын окуусунун таралуусуна түрткү берген. Чыгыш Ренессансынын негизи болуп калган диний-этникалык «маданий катмар» пайда болгон. Бул жерде, жергиликтүү руханийлик менен руханий аң-сезимдин глобалдык руханийлик менен болгон бирдиктүү иш-аракети улуттук жана глобалдык руханий маданияттын өнүгүүсүнүн негизи болуп калат.

Жогорудагы айтылгандарга ылайык, дагы башка бир мисалды келтирсек болот. Улуу Жибек жолу көптөгөн элдердин тарыхында өзгөчө мааниге

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ээ болгон. Чыгыш менен Батыштын биригүүсүнүн натыйжасында ушул жол менен Европага жаны маданият келди. Рим окумуштуусу Г.Плиниянын маалыматтары боюнча жибек өндүрүү Батышка б.з.ч. V к. келген. Рим империясына алынып келинген жибек кездемелерге 3,5 мин алтын монета сарпталган. Анын натыйжасында монетанын тансыктыгы келип чыккан. Өкмөт жибек товарларды алып келүүлөрдү чектеген буйрук чыгарууга мажбур болгон. А.Ходжаевдин пикиринде, Кытайдагы исламдын таралуусунун натыйжасында «дунгандар», «тунаган» (сөзмө-сөз тун-түн, түнгө калган, түнөгөн) аттуу жаны этнос пайда болуп, анын курамына арабдар, перстер, түрктөр кирген. Бүгүнкү күнү алардын саны 8 миллиондон ашат. Демек, аталган көрүнүштө дин (глобалдык диний маданият) башкы ролду ойногон [3, 91-б.].

Бардык эле улуттук руханийлик белгилүү бир улуттук чыгармачылык күчкө негизделет, ал түбөлүктүү улуттук баалуулуктардын, салттардын, психологиянын жана жашоо образынын базасында калыптанат. Мындай күчтүн жардамы менен улуттук өзгөчөлүктөр жана аларды аныктагандын баарысы дайыма сакталып, кайра жаралат. Жогоруда айтылган күч улуттук руханий аң-сезимге негизделип, алар аркылуу чагылдырылат жана улуттун этномакамын сактоонун башкы фактору болуп саналат. Мындай чыгармачылык күчтүн элементтери улуттук аң-сезимде дайыма болуп, муундан-муунга өткөрүлүп берилет. Бирок, глобалдык руханийликтин өнүгүү ылдамдыгы улуттук руханийликтин өнүгүү ылдамдыгына караганда тезиреек, ал улуттукту толугу менен жогото албайт. Анын себеби катары биринчиден, улуттук жеке потенциалдын негизинде дайыма кайра жаралып турат. Андан айырмаланып ааламдашуунун негизинде экономикалык факторлор жатат, алар субъектерге кийлигишип, ааламдашуу уламдан-улам жасалма формага ээ болот. Экинчиден, улуттук руханийлик глобалдыктан айырмаланып бириктирүүчү функцияны аткарат. Экинчиси субъектерди экономикалык факторлордун негизинде бириктирет. Анын руханий потенциалы абдан өзгөрмөлүү болуп, туруктуу эмес.

Ааламдашуу ачыктыкты жана толеранттуулукту, албетте, белгилүү бир денгээлде туруксуздукту да билдирет. Улуттук руханийлик туруктуу, салттуу жана консерватидүү. Башка улуттук жана дегеле глобалдык маданиятка карата болгон өзгөчө ачыктык жана толеранттуулук жергиликтүү маданият үчүн кооптуу болуп саналат. Демек, улуттук шайкештик жана өзүнүн менталитетин сактоо үчүн толеранттуулук, ачыктык сыяктуу эле белгилүү бир чектерге ээ болуусу керек. глобалдык маданиятка карата эске ала кетүүчү нерсе, салттуулукту же модернизмди гана колдоо муундар ортосундагы түшүбөстүкө алып келет. Аталган факторду эске албай коюга болбойт, же модернизм руху боюнча жаштарга, ал эми салттуулук улуу муундарга кыйла жакын.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда да коомдун бардык чөйрөлөрүндө жаңылануу болууда. Руханий жаңылануу экономикалык жана саясий жаңылануу менен катар өлкөнүн өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыты болуп саналат. Аталган процесстин башкы принциби болуп жергиликтүү улуттук руханийликти сактоо жана прогрессивдүү глобалдык маданият менен биригүүсү, ааламдашуунун талаптарынын негизинде руханийликти жанылоосу жана өнүгүүсү эсептелет.

Глобалдык – бул улут алдындагы. Коомдук аң-сезим жаны нерсенин бардыгын бат кабыл алат. Ошондуктан теоретикалык планда глобалдык маданияттын жергиликтүү маданият менен туура чагылдыруусу, изилдөө жана тандоо жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы туурасындагы маселе маанилүү. Улуттуктун мүмкүнчүлүктөрү аз болот. Ааламдашуу жашоо образында, күнүмдүк маданиятта, маданий-турмуштук денгээлде болот. Ушунун баары улуттук руханийлике олуттуу таасирин тийгизет. Бул жерде тен укуктуу руханий диалог керек. маданияттардын бирдиктүү иш-аракеттери жана диалогу алардын өнүгүүсү үчүн чон мааниге ээ: диалогдун өзүндө ар бир маданият кайра өзүнүн шайкештигине ээ болот, маданияттардын диалогу жана бирдиктүү иш-аракеттери аларга өзүнүн нукура баалуулуктары менен өзгөчөлүктөрүн билдирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Прогрессивдүү глобалдык маданият америкалык же батыштык маданият эмес, алардан айырмаланып кыйла татаал жана көп кырдуу. Мындай маданият улуттук белгилер менен жергиликтүү маданияттын менталитетин кыйратпайт, тескерисинче, ал гуманистик мааниге ээ болгон улуттук жана демократиялык жалпы улуттук баалуулуктарды чагылдыруу менен анын өнүгүүсүнө шарт түзөт. Мындай өнүттө ал өзүнө ааламдашуу процессине кирген бардык маданияттардын, салттардын жана баалуулуктардын элементтернин синтезин камтып турат. Ошол себептен аны кандайдыр-бир жеке маданияттын алкагында мүнөздөмө берүү кыйынчылык жаратат. Ал конкреттүү улуттук маданиятка караганда кыйла бай, прогрессивдүү либералдуу жана демократиялуу.

Ааламдашуу шартында коом улуттук руханийлике таянуусу керектей сезилет. Ал өз кезегинде, бир жагынан, салттуу улуттук жана диний баалуулуктарга, ал эми экинчи жагынан, демократиялык жана гуманистик манызга ээ болгон прогрессивдүү глобалдык маданияттын баалуулуктарына негизделиши абзел. Ааламдашуунун шарттарында, коом конкреттүү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кырдаалдардан көз каранды болуп жаны прогрессивдүүлүктү жана гумандуулукту кабыл алып, кээде анын натыйжаларына ыңгайлашуусу, андан тышкары качан зарыл болгондо анын терс таасирлеринен коргонуусу керек. Мындай өнүттө коом ийкемдүү, прагматикалуу жана диалого жөндөмдүү болуусу зарыл. Руханий аң-сезим ааламдашуунун динамикасы менен тенденцияларын дайыма изилдеп, ага ылайык, анын мүмкүн болгон терс кесепеттерин чагылдырып туруусу зарыл.

Коом менен адам өзүнүн шайкештигин сактоо үчүн дайыма күрөшүп келет. Ошол эле мезгилде адам башкалар менен жалгыз, ошону менен бирге өзүнүн жекелиги жана кайталангыстыгы менен башкалардан айырмаланбай кое албайт. Ошонун өзү адамга өзүнүн «Менин» башкалардын арасында сактоого жана андап билүүгө шарт түзөт. Адам менен улуттун өздүк аң-сезими коомдогу өзүнүн жеке макамы менен этномакамын сактоо мүмкүнчүлүгүн түзөт. Адам үчүн жеке макамын сактоо ниети анда дайыма аң-сезим алдында болот. Ошонун өзү маданият чөйрөсүндөгү глобалдык унификацияга карама-каршы туруп, адамдын өзгөчөлүгү менен артыкчылыгын сактоого жардам берет. «Кеп нукура руханийлик өзүндө катып калуу, курчап турган адамдардан, жалпы эле дүйнөдөн өзүн оолактатуу касиетине ээ болуусу, бирок коомдун руханий мейкиндигин дайыма кеңейтүүнү билдирери туурасында болууда. Руханийлик дайыма динамикада, «руханий талаанын» (Н. Коваль) жаңылануусунда, стереотиптен тазалануу жөндөмдүүлүгүндө, өзүнүн жеке өнүкпөгөндүгүндө турат» [4, 12-б.].

Албетте, руханийлик ааламдашуунун пайдасына карата өзгөрө алат жана өзгөрүшү керек. Мисалы, азыркы мезгилде руханий маданияттын жаңы элементтери катары инновациялык ыкма, креативдүүлүк, демилгелүүлүк – сапат эсептелет, аларсыз ааламдашуу шартындагы руханийликтин өнүгүүсү эч мүмкүн эмес. Руханий аң-сезимдин элементтери катары анын инновацияларга, прогрессивдүү номадизмге, карата болгон карым-катнашты, дайыма жаңылануусу саналат. Анын жардамы менен адамда чыгармачылыка болгон жөндөмдүүлүк дайыма болуп, сакталат, демек, адам өзүнүн шайкештигин сактай алат. «Эске ала кетүүчү нерсе, адам болуу жөндөмдүүлүгү – өзүнүн ишмердүүлүгүнө бирдей болбоо жөндөмдүүлүгү. Башкача айтканда, адам өзү жасагандан ашып кетет. Адамзаттын жөндөмдүүлүктөрү чексиз…Ал жаңы ачылыштар үчүн ачык жана бардык жаңыны, ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн ойлоп табуу жана аны өздөштүрүү үчүн принципиалдуу чектөөлөр жок [5, 164-б.]. Демек, адам дайыма өзүн өзү алып чыгат жана алдыга озот. Ушунун баары ага жеткен нерседен токто калбоого мүмкүнчүлүк берет. Чыгармачылыка жана жаңылануугa болгон аракеттердин натыйжасында адам өзүнүн кайталангыстыгын жана шайкештигин сактап калат.

Сонунда белгилей кетүүчү нерсе, руханийлик түбөлүктүү, анткени ал адамдын руханий өркүндөөгө болгон табигый аракеттерин, муктаждыктарын жана идеалдарын билдирет. Муктаждыктар менен идеалдар чексиз, ошондуктан руханийлик дагы чексиз. Ал албетте, өзгөрүп, алмашып турат, бирок анын маңызы адамдын ажырагыс атрибуту катары дайыма жашап келет.

**Адабияттар:**


1. Гадамер Х. Истина и метод. - М.: Наука, 1988.
2. Рац М. Диалог в современном мире. Вопросы философии. 2004, № 10.
3. Хўжаев. Буюк ипак йўли. Ўзбекистон миллий энциклопедияси. Давлат илмий нашриёти. –Ташкент, 2007.
4. Бокачев И.А. Духовность как высшая жизнеутверждающая ценность. / Известия Саратовского университета. Новая серия. Серия Философия. Педагогика. Психология. 2015. Т.15.вып. 3.
5. Шаповалов В.Ф. Основы философии современности. К итогам XX века. - М.: Флинта-Наука, 1998.
6. Субанбекова М.Ш. Сознание как философская проблема. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 3. С. 215-217.
7. Доромбекова А.О. Общественное сознание в контексте формирования национальных интересов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 3. С. 100-102
8. Нишанбаева М.А. Нравственность как основная ступень в образовании и духовное богатство. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 90-92.
9. Шарипова Р.З., Колбаева З. Место образования, религии и нравственных ценностей в духовном воспитании личности в условиях глобализации. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 5. С. 84-87.